

**Джаилова Асель Джумабековна 1991-жылдын 13-мартында Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарында туулган, экономика илимдеринин кандидаты, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Инновациялык экономика илим-изилдөө институтунун директорунун орун басары.**

2013-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын «Финансы жана кредит» адистиги боюнча артыкчылык диплому менен аяктаган. 2015-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында Ханс Зайдель атындагы Фонддун «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» багыты боюнча магистратурасын аяктаган. 2013-2017-жылдары М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин аспирантурасын аяктап, 2017-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2018-жылы М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинде «Эл аралык экономикалык талаш-тартыштарды чечүүнүн заманбап механизмдери» программасы боюнча окууну аяктаган. 2018-жылдан азыркы учурга чейин М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде докторантурада окуйт. РИНЦ, УАК КР, ВАК РФ, Web of Science, Scopus маалымат базасына кирген 27ден ашык илимий эмгектин, 2 жамааттык монографиянын автору. Ал 40тан ашык эл аралык конференцияларга, анын ичинде Summit of the Future 2024 (Нью-Йорк, АКШ), БУУнун Климаттын өзгөрүшү боюнча конференциясы - COP29 (Баку, Азербайджан) катышкан. [1]

https://www.instagram.com/aselln__/profilecard/?igsh=MXNlcmxxb3RpMzN6bw

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар